УДК 82:396 А45

***Аламанова А.Т.***
*К.Карасаев атындагы БГУ*

# КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУНУН СПЕЦИФИКАСЫ, ЭЛҮҮБАЙ ОТУНЧУ УУЛУНУН "МОЛДО АСАН" ТАРЫХЫЙ РОМАНЫНДАГЫ ФОЛЬКЛОРДУК МОТИВ

*Берилген макалада кыргыз фольклорунун спецификасы жана Элүүбай Отунчу уулунун "Молдо Асан" (2008-ж.) тарыхый романынын сюжетин ачууда колдонулган фольклордук мотивтин көркөм функциясы каралат.*

***Түйүндүү сөздөр**: кыргыз фольклорунун спецификасы, кыргыз фольклорунун башаты, элдик оозеки чыгармачылык, фольклордун жанрдык классификациясы, кыргыз тарыхый романдага фольклордук мотив*

*This article shows the specifics of Kyrgyz folklore and artistic function of the folk motive used when interpreting the "Moldo Asan" (2008) historic novel written by Eluubai Otunchu uulu.*

*В данной статье рассматривается специфика кыргызского фольклора и художественная функция фольклорного мотива использованного при раскрытии исторического романа "Молдо Асан" (2008 г.) Элуубай Отунчу уулу.*

Изилдөөнүн максаты кыргыз фольклорунун спецификасы, жанрдык жактан классификацияланышы, "Молдо Асан" тарыхый романындагы фольклордук мотивтин орун алышы.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы буга чейин изилдөөгө алынбаган Элүүбай Отунчу уулунун "Молдо Асан" тарыхый романындагы фольклордук мотивтин көркөм функциясы.

Кыргыз фольклорунун спецификасынын негизги касиети жана өзөгү бул элдин улуу мурасы, эпикалык традициясы, көөнөрбөс руханий байлыгы. Кыргыз эли узак жолдо, нечендеген татаал кылымдарды башынан өткөргөнүнө карабастан эпикалык маданияттын кайталангыс үлгүлөрүн жаратууга жетишкен. Руханий байлыкты, маданиятты, тарыхый-таржымалды канчалаган доорлор алмашканына карабастан, тарых барактарына жазылып түшпөй калган күндө да, эл өз тарыхын – көрөңгөлүү сөз чеберчилиги менен сактап келишкен. "Алибетте ар бир элдин менталитети жана анын маданиятынын байлыгы миңдеген жылдар жана доорлордо топтолот, ошондуктан ал тарыхый мезгилдер алмашаары менен эле жокко чыгып, колдонуудан алынып ташталбайт, анын тамыры тереңде жана өмүрү узун болот. Ошондуктан кайсыл гана мезгил болбосун, фольклор сөздүн чыныгы маанисинде элдик байлык, улуу мурас катары жашай берет жана жашоого акылуу. Бир гана анын кийинки социалдык шартка, кырдаалга үндөш боло бергендеринин өмүрү өзүнөн-өзү кыскарат." [1:15-16-б.]. Кыргыз фольклорунун жаралыш, калыптаныш, факторлоруна түрткү берген негизги себептердин бири бул өткөн доордун коомдук тең салмаксыздыгы, ар тараптуу таптык көз караштардан улам бай, манап, бий, кожо өңдүү үстөмдүк кылуучу топ менен болгон карапайым элдин карама-каршылыктары, мындан сырткары улуттар жана уруулар ортосундагы бийлик талашуу саясатынын натыйжасында, элдин аң-сезими ойгонуп, эркиндик, теңдик, чындык үчүн күрөшүүсүнө алып келгендиги. Бул болсо учурдун талабына ылайык кыргыз адабиятынын түптөлүшүнө чоң салымын кошкон, муну М.Борбугулов "...тарыхый жактан алганда кыска мезгилде жаралган, калыптанып жана өсүп-өнүккөн дүйнөлүк адабияттардын деңгээлине жеткен адабият болуп калуу үчүн кыргыздын ар тараптан өнүккөн, өтө бай оозеки чыгармачылыгы нары жерпай, нары арсенал болуп берди."[2:347-б.].-деп баса белгилеген. Кыргыз фольклорунун кендиги жана тереңдиги, турмуштук көрүнүштөн жаралган кыргыз балдар фольклорунун түзүлүшү жана анын поэтикасына өзгөчө көңүл буруп кароону да талап кылаарын эстен чыгарбоо крек. Балдар фольклору бүткүл дүйнө элдеринин адабиятында жанрдык жактан изилдөө объектисине алынып анын фольклордогу орду, өтөгөн кызматы, тарбиялык мааниси чечмеленип, фольклористиканын бир бөлүгү катары каралып илимий жактан терең изилденүүгө алынып келет.

Фольклордук жанрлардын ар бир тармагы, баланын жарык дүйнөгө келишинен тартып, тарбия берүүдө, жашоого учкай келген варианттары өзгөчө мамилени талап кылып келет. Мисалы адептүүлүк, чынчылдык, адамгерчиликтик, ак ниеттүүлүк, баатырдык, ички дүйнөдөгү сулуулук, чыдамдуулук, өнөрпоздук, достук, акылмандуулук өңдүү асыл сапаттарды ар бир жаш муундун ички дүйнөсүнөн иштетип чыгаруу жана аны мүнөзүнө туруктуу калыптандыруу үчүн кылган ар бир ата – эненин иш аракети, сөз өнөрү аркылуу иштелип чыгып – жомок; макал; лакап; табышмак өңдүү фольклордук жанрдагы формаларга ээ болуп, эл арасында үзгүлтүксүз пайдаланылгандыгы менен тастыкталат. Бул болсо жалпы элдин келечектен күткөн ой-тилеги, үмүтү болуп, жашоо-турмушта кездешүүчү жат көрүнүштөргө каршы күрөшүүдөгү эң алгачкы кадамы, буга элдик оозеки чыгармачылыктын эң бай казынасындагы Эр Төштүк, Акыл Карачач, Жээренче чечен, Акылдуу дыйкан, Акылдуу бала, Толубай сынчы, Алдар көсөө өңдүү көркөмдүүлүк менен өздөштүрүлгөн образдардын тиби далил болуп турат.

Элдик оозеки чыгармачылыктын өсүү жолундагы генетикасы "... илгертеден бери эле турмуш-тиричи-

ликтин мыйзамына айланган жол -жоболору, түшүнүктөр, көз караштар элдин аң-сезимине бекем орноп келген. Албетте, алар өзгөрүлбөс догматикалык нерсе эмес, доорлор өтүп, кылымдар алмашып, жаратылыштын сыйкырдуу табышмактары ачылган сайын ата -бабалардын салты өзгөрүүлөргө, жаңылануу-ларга, кошумчаларга учураган.” [3:3-б.]. Мисал байыртан кыргыз элинин жашоо-турмушунда кеңири кездешип келген “бел куда” болуу салты, бул эки үй-бүлөөнүн ортосундагы жакшылыка болгон илгери үмүттилеги аркасында жарык дүйнөгө келе элек наристелерин кудалашып, ортолорундагы жылуу мамилелерин, алыш-беришин, карым -катышын күчөтүп, өз ара жакын болууларын арткан. Бүгүнкү күндө мындай “бел куда”, “бешик куда” өңдүү кудалашуу салтты замандын агымына жараша эскинин тизмесине өтүп, жашоо-турмушта колдонуудан чыгып калгандыгы. Буга карабастан учурда сакталып калган адат, салт, ырымдарга ылайык ар бир адам баласы түрдүү фольклордук баскычтардан басып өтөөрү шексиз. Мисалы жаңы төрөлгөн наристеге арналган жентек, бешик, тушоо кесүү, отургузуу өңдүү салттык ырым-жырымдар жана тойго катышкан жалпы элдин, карылардын алкоо, каалоо, алкыш, тилек-баталары. Кандай учур болбосун өсүп келе жаткан жаш жеткинчекке болгон этнопедагогикалык, этнопсихологиялык тарбия берүүдөгү ата-эне менен болгон байланышы оозеки сүйлөө ыкмасы менен толукталат б.а. балага карата түз же каймана мааниде айтылып туруучу дидактикалык сөз каражаттары. Фольклордук стилдеги тарбия берүүдө (бешик, эркелетүү-ойнотуу ырлары; жомок айтуу) баланын эс тарткандагы көркөм ой жүгүртүүсүнө, айлана-чөйрөгө болгон көз караштардын кеңейүүсүнө көмөкчү болгон, сөз менен коштолуучу фольклордук оюндар (табышмак, макал, жаңылмач, акынек айтышуулар). Бойго жеткен боз улан-кыздардын шырылдаң, бекбекей айтышы жана алардын ортосундагы ашыктык (секетбай) ырларынан уланып турмуштук фольклорго б.а. үйлөнүү-үлпөт тойундагы келин алуу, кыз узатуу жөрөлгөлөрү; буга кошумча аткарылуучу фольклордук оюндарын (жоолук таштамай, ак чөлмөк, ордо, селкинчек, кыз куумай, ат чабыш, эр эңиш) атасак болот. Кыргыз фольклору баланын төрөлүшүнө, калыптанышына, үй-бүлөө күтүп коом болушуна гана тийиштүү каада-салт, ырым-жырымдар менен чектелбестен, аны акыркы сапарга узатуу процессинде да салттык үрп-адаттарга, ырым-жырымдарга таяп “угузуу”, “кошок кошуу” өңдүү өзгөчөлүктөрү менен айрымаланат.

Демек Кыргыз элинин руханий байлыгы болгон фольклордук чыгармалардын кайсыл гана жанрдык-жагынан албайла, баардыгы жашоонун ар кыл тарбынан өз ордуларын табат. Бүгүнкү күндөгү заманбап адабий көркөм чыгармаларды жаратууда да фольклордук мотивтер чеберчилик менен үзгүлтүксүз колдонулуп, анын ичинен өзгөчө өткөн тарыхты көркөм чагылдырып жазууда фольклордук мотивтеги ар кыл жанрлар менен шөкөттөлүп, чыгармага баалуулукту, байыркылыкты сиңирип, көркөмдүүлүгүн арттырып келет. Ошондой эле окурмандын аң-сезиминин түпкүрүндө мурункийин орун алып угуп-билип жүргөн образдар менен сюжеттер кайрадан иштелип чыгышы чыгарманын массалык түрдө өсүшүн камсыз кылып, жазуучу үчүн эскини кайра жаңылоо генезисине кайрылууга өбөлгө түзөт. Кандай гана чыгармачыл инсан болбосун тарыхый чыгарма жаратууда, ал ар бир конкрет тарыхый мезгилдин жагдай-шартында калыптанган жана ошонун натыйжасы болуп эсептелген башкы каармандын ички дүйнөсүн, рухий мазмунун талдап жана аны окурман алдында ачып берүүгө бүткүл аракетин жумшайт. Натыйжада каармандын айланасында болуп жаткан иш-аракеттерди жазуучу бүгүнкү турмуштун көчүрмөсүнөн албайт, ал автордун талантына, дүйнө көрүүсүнүн өзгөчөлүгүнө, турмуштук тажрыйбасына жана профессионалдык маданиятына жараша чагылдырылат же болбосо кандайдыр бир доорго тиешелүү болгон касиеттерди, сапаттарды, фольклордук мотивтерди жалпылаштырып көрсөтөт. Буга мисал Элүүбай Отунчу уулунун “Молдо Асан” тарыхый романында Кыргыз элинин XIX-кылымдагы Кокон хандыгынын акыркы мезгилдеринде жана орус империясынын бийлигинин тушундагы доорду көркөм чагылдырган, чыгарманын 6-бөлүмүндө автор, орус аскер башчылары тарабынан – орус империясы иштеп чыккан жаңы бийлик жүргүзүүнүн маселелерин талкулоо, жаңы иштелип чыккан жобонун долбоорлорун элге жеткирүү максатында, Олуя – Атада белгиленген күнү чоң жыйын өткөрүлөөрүн уруу башчыларына алдынала маалымдап, ал жыйынга даярдык көрүлөөрүнө шарт түзүлгөндүгү сүрөттөлөт. Бөлүмдөгү тарыхый учурду жазуучу профессионалдык маданиятына жараша баамдап, аталган жыйынга даярдануу камылгасынын негизинде – башкы каарман Молдо Асандын жана анын айланасында болуп жаткан иш-аракеттер, образдар аркылуу, тарыхый мезгилге мүнөздүү келген салт-санаа, ырым-жырымдардын аткарылышын б.а. өткөн доорго тиешелүү болгон фольклордук мотивтеги касиеттерди, сапаттарды жалпылаштырып, учурда болуп жаткан ички толкундоолорунун натыйжасында чагылдырган. “1865-жыл. Жалган куран. Орустар Олуя -Атадагы жыйынга чакырган күн жакындаган сайын Айжандын чый-пыйы чыгып абысындарын, келиндерин күнү-түнү иштетип жаңы үйдүн жасалгасын бир апта мурда бүтүрдү. Анан түндүк көтөрүлүп, он эки канат үй тигилип коломтого от жагып, ысырыкталгандан кийин айылдагы аялдар бири курак төшөгүн, бири ала кийизин, бири шырдагын көтөрүп келишип, жаңы үйдүн босогосуна жүгүнүп киришип, куттук айтышып жатты. Кой союлуп, боорсок бышырылып апыр – шапыр болушуп, жаңы үйдүн ичи – тышын сынашып тамшанышты.

- Ойдогудай үй болду, кудай кут кылсын! – Кенендигин айтсаңчы, тим эле жүз киши сыят го. – Кыргыз, Казактын өңчөй мыктылары чогулат турбайбы. Чүйдөн бери келишет экен.” – деген өңдүү сөздөр айтылып турду. Үйдү Молдо Асан, Чыныбек да көрүп жактырышты.

- Оо, келин балам, абдан келишимдүү үй болуптур. Колуңа дарт бербесин! – деп Чыныбек Айжанды алкада. Күмүш чачпактары толорсугуна тийип шыңгыраган Айжан кайнагасынын сөзүнөн тамылжый кызарып, эки колун бооруна ала жүгүндү.

- Кудай жалгасын, балам. Бир намыска жарай турган болдуң. Ошо кыргыз – казактын жыйынында алыстан маңкайып турса жалпы Таластын намысын көтөрөт бул үй. – деп Чыныбек жаркылдады. Молдо Асан үйдү бүт тегерете карап, өөн таба албады. Анан Айжанга:

- Эми көчкө камынып, тангактарыңды таңа башта. Таң ата жөнөйбүз, - деди...” [4:47-б.]. Автор образдуулук менен фольклордук мотивди чебер колдонуп, өткөн доорго тиешелүү болгон касиеттерди көркөм чагылдырууга жетишкен, маселен байыртан ата-бабаларыбыз чөйрөнүн сырдуу кубулуштарын баамдап алардын пайдалуу касиеттерин жашоо шартта билгичтик менен пайдаланып келгендиги маалым. Мындай билгичтиктин, акылмандуулуктун үзүрү болгон уста-

чебер уздун колунан жаралган, адам баласына пайдалуу, жашоо шартына ыңгайлуу болгон көөнөрбөс турак жай баалуулугун эч жоготпой сактап, колдонулуп келген боз үйдү – Элүүбай Отунчу уулу "жасалгалуу он эки канат" деп анын көркөмдүүлүгүн баса белгилеген. Боз үй ата-бабалар үчүн бир гана турак жайдын ролун ойнобостон, түтүн булата турган коломто, үй – бүлөөнүн очогу катары ыйык бааланып, аны аздектеп тутуп жеке материалдык байлык катары кабыл албастан, руханий жактан да өтө баалулугу эске алынып келгендиги чыгармада "коломтого от жагып ысырыктоо", "жаңы үйдүн босогосуна жүгүнүп кирүү", "мал сойуп кан чыгаруу", "боорсок бышырып жыт чыгаруу" өңдүү ырым-жырымдардын аткарылышы менен белгиленет. Жаңы үй тигилгенде коңшулары, жакын туугандары жакшы каалоо-тилектерин билдирип "үйдү өрлүктөп келүү", "көрүндүк берүү" өңдүү каада-салттарынын берилиши бүгүнкү күндө да аткарылып келет. Чыгарманын бул көрүнүшүндө бир гана көчмөндөр цивилизациясынын сыймыгын көрбөстөн, буга кошумча оокат-тиричиликте көп колдонулуучу ала кийиз, шырдак, курак төшөк өңдүү этномаданий баалуулуктардын, ошондой эле аял затына алымсактан бери көркүнө көрк кошуп келген, учурда унутулуп, колдонуудан чыгып бара жаткан күмүш чачпак сыяктуу зер буюмдун эскертилиши орун алган.

"Алкыш – байыркы ата-бабалардан бери келе жаткан, улам кийинки муунга традиция катары өтүп колдонулуп, сакталып калган жалпы эле адамзатка ыйгарылган жылуу ыраазычылыгы, жакшы тилеги..."[5:292-б.]. тарыхый романда Молдо Асандын агасы Чыныбектин сөзү менен (келини Айжанга) "кудай кут кылсын", "колуңа дарт бербесин" деп, улуулардын алкоосуна кайрылат. "Карыя бата берген кезде көзү менен көргөн, кулагы менен уккан жан кайдыгер калган эмес... Бата – сөзүнүн улуу касиети элдин көңүл дүйнөсүндө зор ишеним арттырган. Эл ичинде илгертен "Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт"-деген өзү кыска, мааниси терең философиялык ойду камтыган афоризми бекер айтылбаган чыгар. Сөздүн түпкү маанисине үңүлүп көргөнүбүздө, байыркы мезгилдерде адамдардын магиялык күчкө, табияттын ар кандай кубулушуна сереп салганын байкоого болоор эле. Сөздүн күчүнө ишеним артуу, жаратылыш кубулуштарынын ар кандай процесстеринен улам сыйынуу, табынуу элдик ырлардын алгачкы катмарларынан кабардар кылат."[6:293-б.]. Чыгармада кайынагасына келини (Айжан) эки колун бооруна ала жүгүнүүсү кыз барган жеринде, кайын-журтунан ыйбаа кылуу, кичи пейилдүүлүк тарбия-тартиби болсо, экинчи жагынан "кудай жалгасын", "кудай тилегиңди берсин" деген, улуулардын бүлөөсүнө болгон ак тилек батасы, алкоосунун негизинде табиятын кандайдыр бир кубулушуна сереп салган улуу күчкө баш ийип, сөздүн күчүнө ишеним артып тургандыгын байкоого болот.

Жыйынтыгында чыгармадагы фольклордук мотив – элдик каада-салтты даана, так көрсөтүүчү, татыктуу өкүлү катары саналгандыктан, мезгилдин талабына ылайык тарыхый жанырдагы чыгармалар эгемендик жылдарынан кийин, жаңыча көз караште чагылдырылып тарыхый романдардын өсүүсүнө өбөлгө түзгөн жана чыгармага ылайык фольклордук мотивтеги функцияларды тереңдетип колдонууну шарттаган. Натыйжада илимий жактан изилдөөгө алына элек дагы да көптөгөн чыгармалар бар экендиги белгилүү.

***Адабияттар***


1. Борбугулов М. Адабият теориясы. -Б., 1996. 552-б.
2. Искендерова С. Индивидуалдуу чыгармачылык жана фольклор: проблеманын эвалюциясы / Док.дис. -Б., 2007. 322-б.
3. Акматалиев А. Балдарга арналган салт жана ырым-жырымдар. -Б., 2000. 124-б.
4. Элүүбай Отунчу уулу «Молдо Асан» тарыхый роман. -Б., 2008. 564-б.
5. А.Акматалиевдин жалпы ред.астында "Кыргыз адабиятынын тарыхы: Фольклористика. Оозеки чыгармачылыктын жанырлары." 1-том. -Б., 2004. 684-б.